| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**НАРЫН ОБЛУСУ**<br>**ЖУМГАЛ РАЙОНУ**<br>**КЫЗЫЛ-ЖЫЛДЫЗ АЙЫЛ**<br>**АЙМАГЫНЫН**<br>**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**ДЖУМГАЛЬСКИЙ РАЙОН**<br>**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**<br>**КЫЗЫЛ-ЖЫЛДЫЗСКОГО**<br>**АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

Кызыл-Жылдыз айыл аймагынын айылдык кеңешинин V чакырылышынын кезектеги 14-сессиясынын

ТОКТОМУ № 5-14-3

15-сентябрь 2022-жыл Кызыл-Жылдыз айылы

**Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн «Мектепке чейинки билим берүүчү тармактарынын абалы жана аларды өнүктүрүү» боюнча 2009-жылдын 28-июлундагы №478-токтомун аткаруу жөнүндө**

Кызыл-Жылдыз айыл аймагындагы «Байчечекей-Жумгал» бала-бакчасынын башчысы Д.Өмүрзакованан кайрылуусун угуп талкуулап, айылдык кеңеш **токтом кылат:**

1.2020-жылдагы кырдаалга жараша азык-түлүктөргө болгон баалардын кескин кымбатташы, бала бакчада тарбияланган балдардын талапка ылайык сапаттуу билим алуусуна жана сапаттуу тамак-аш азыктары менен камсыз болуусу үчүн ата-энелерден төлөнүүчү акча каражаты 900 (тогуз жүз) сом болгондугу белгиленсин.

2.Ата-энелер төлөмү 1-сентябрдан тартып, 1 айга 900 (тогуз жүз) сомго көбөйгөндүгүнө байланыштуу, Жумгал райондук финансы бөлүмүнүн 2022-жылдын калган 4 айына каралган атайын каражатынын сметасына дагы 150 000 (жүз элүү миң) сом кошумча смета каратып берүүгө сунушталсын.

3.«Байчечекей-Жумгал» бала-бакчасынын башчысы Д.Өмүрзаковага ата-энелерге чогулуш жазап түшүндүрүү иштерин жүргүзүү милдеттендирилсин.

4.Бул токтомдун аткарылышын көзөмөл кылуу айыл өкмөт башчысы Дуйшенбек уулу Амантурга милдеттендирилсин.

Төрага: Жолдошбек уулу Жоодар